Кара – Дөбө негизги мектеби

# 2021-2022

# окуу жылына

# анализ

[illegible] 10- сентябрындагы мектепке Педагогикалык кенешмеде жалпы мектептин [illegible] милдеттерин коюп , төмөнкүдөй максат милдеттерди бекитип алып, ушулардын [illegible] алып бардык .

[illegible]:

1. Ар бир окуучунун жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен окутуу жана дифференциялаштыруу.
2. Сапаттуу билим берүүдө ата-энелер менен тыгыз байланышта болуу .

[illegible]тери:

1. Окуунун заманбап инновационалдык ыкмаларын пайдалануу менен кеп маданиятын өнүктүрүү . Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу , интернет менен байланыштыруу, интерактивдүү ыкмаларды пайдалануу менен формативдик баалоону ишке ашыруу , окуучулардын билим сапатын жогорулатуу .
2. Адептик жана рухий ыймандык дөөлөттөрүбүздү сактоо менен окуучуларды нравалык тарбия берүүгө жөндөө.
3. Коомчулук жана ата-энелер менен байланышты чыңдоо менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу
4. Мектептин инфрактурасын жакшыртуу.
5. Окуучуларды окуу китеп менен камсыз кылуу .

«Билим берүү жөнүндө мыйзам « , «Билим берүүнүн реформалоонун концепциясы » жана «Мектеп окуучуларына адептик рухий ыймандык билим беруу концепцияларын » , «КРнын жалпы билим берүү уюмдарын уюштуруу» программасы даярдалып , жаны педагогикалык тармакка айланышы учурдун бирден бир талабы . Биз да окуучуларга билим берүүдө төмөнкү көйгөйдү : «Окуучуларды окутууда – интерактивдүү ыкмаларын колдонуу , билим сапатын жогорулатуу , адептүүлүккө тарбиялоо » иш жүзүнө ашырууга аракет кылып жатабыз . Алдыга койгон максатыбыз жогорку деңгээлдеги жыйынтык берүүсүнө мугалимдер жамааты төмөнкү иштерди үзгүлтүксүз аткарууга бүт күчүн жумшайт .

Окуучулардын сапаттуу билим алуусуна , башкача айтканда , өзгөчөлөнгөн балдар менен иштөөнү активдештирүү(райондук олимпиадага жана предметтик тестирлөөлөргө, сынактарга даярдык көрүү )

Мектептин усулдук иштерине жаны багыт берип , ата –эне , окуучу менен тыгыз байланыштагы иш алып баруу.

Мектептин китепканасын окуу китептери , көркөм өнөр китептери жана усулдук китептер менен камсыз кылуу .

Кара- Дөбө негизги мектебинде 2021-2022 окуу жылдын башында 146 окуучу окуган . Алардын ичинен 60 кыз 86 эркек бала . 10 класс комплектти бар .

Кара –Добо негизги мектебинде 2021-2022 окуу жылдын башында 146 окуучу окуган. Алардын ичиде 60 кыз 86 эркек бала . 10 класс комплекти бар . Кара- Дөбө негизги мектебинде 10 класс комплект, 1 даярдоо класс. Жыл ичинде 10 окуучу кетти , 5 окуучу келди 2 окуучу класстан класска которулган. Окуу жылын 143 окуучу аяктады , алардын ичинен 60кыз , 83 эркек бала. Калдык айылынан келип окуган балдардын саны 28. Даярдоо классын “Нористе ”программасын 480 саат боюнча Кара-Дөбө мектебинде 20 окуучу. Жыл ичинде мектеп

...ациянын тарабынан көзөмөл жана башкаруу журуп турду. Директор жана тарбия ... завуч функцианалдык милдеттери окуу жылдын башында бөлүшүп,аткарып ... багында педкенештер, дироктордун алдындагы кенештер, окуу жана тарбия иштер ... директордун орун басарлардын алдындагы кенешмелер өтүлдү.

...-2022-окуу жылында педколлектив төмөнкү методикалык теманын үстүндө иштеди ...дын окутууда –интерактивдуу ыкмаларын колдонуу, билим сапатын жогорулатуу, ...үлүккө тарбиялоо". Мектепте 3 методикалык бирикме иштейт: башталгыч класстар ... Бекдулетова Р.К.), жогорку классстардын бирикмеси ( жетекчисиКенжебаева Б.Т.) ... класс жетекчилердин бирикмеси ( жетекчиси Бектурсунова Ж.К.).Башталгыч класстардын ...менин жетекчиси Бекдулетова Р.К. 1-4 класстардын билим денгээлин, күндөлүктөрүн, ...лерин текшерип турду.

Билим сапаты 2021-2022 окуу жылында класстар боюнча төмөнкүдөй болду:

| Класс | Окуучунун саны | отличниктер | Ударниктер | Жетишкендиктер | Атесст.эмес | % билим сапаты | % сабак катышканы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 20 | | | | 20 | | 96% |
| 2 | 18 | 2 | 8 | 8 | -- | 58% | 95% |
| 3 | 16 | 3 | 5 | 8 | -- | 57% | 92% |
| 4 | 16 | 3 | 5 | 8 | -- | 50% | 91% |
| 1-4 | 66 | 8 | 18 | 24 | | 54% | 94% |
| 5а | 16 | 1 | 8 | 7 | -- | 56% | 93% |
| 5б | 11 | | 2 | 9 | | 18% | 90% |
| 6 | 13 | 1 | 3 | 9 | -- | 30% | 98% |
| 7 | 12 | | 4 | 8 | -- | 33% | 94% |
| 8 | 15 | | 7 | 8 | -- | 46% | 95% |
| 9 | 10 | -- | 2 | 8 | -- | 20% | 97% |
| 5-9 | 76 | 2 | 26 | 49 | -- | 36% | 94% |
| 1-9 | 143 | 10 | 44 | 73 | 20 | 43% | 94% |

2021-2022 окуу жылында башталгыч класстардын окуучуларынын математика,кыргыз тилинен билим денгээли текшерилди.

Математикал боюнча

| Клаас | Окуучулардын саны | Иши | Жетишишуусу | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|
| 2 | 16 | Текшеруу иши | 100% | 61.45 |
| 3 А | 16 | Текшеруу иши | 95% | 60% |
| 4 | 36 | Текшеруу иши | 94% | 55% |
| бардыгы | 68 | | 96% | 58.6% |

Текшеруунун жыйынтыктары усулдук бирикменин кенешмесинин кенешмесинде айтылды. Ошондой эле , ар бир чейрек сайын орус адабият (2-8 кл.) жана кыргыз адабият (5-9 кл) сабактарынан окуу тездиги текшерилип турду.

2020-2021-окуу жылында предметтер боюнча билим сапаты төмөнгүдөй болду.

| Предмет | 5а-класс | 5б-класс | 6 класс | 7 класс | 8 класс | 9 класс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз тил | 56% | 54% | 38% | 50% | 50% | 50% |
| Орус тил | 62% | 24% | 53% | 33% | 43% | 30% |
| Математика | 62% | 36% | 53% | 41% | 56% | 40% |
| Биология | - | | 38% | 66% | 62% | 50% |
| Физика | - | | - | 58% | 62% | 50% |
| География | 62% табият тануу | 32% | 50% | 50% | 56% | 60% |
| Тарых | 75% | 45% | 50% | 50% | 56% | 60% |

Ички көзөмөлдүн анализи көрсөтү, 5б-класстын окуучулары билим дэнгели төмөн болду. Себеби, окуучулардын көбү Калдык айылынан келип окушат. Окуучулар кыргыз тил (5-8кл), география(6-9кл),биология (6-7-8кл) сабактарынан жыйындыктары жакшы болду.

Текшерүүдөн кийинки төмөнкү сунуштарды айтууну туура көрдүк:

1. Окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө көнүл буруу.
2. Жазуу эрежелерин эске алып, окуучуларды туура, таза жазуусунун калыптандыруу.
3. Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүүнүн үстүндө иштөө.
4. Башталгыч класстарда бааларды көтөрмөлөп коюлушуна жол бербөө.
5. Ар бир сабактын сапатуу жана жыйынтыктуу, системалуу түрдө өтүлүшү.
6. Тартипти сактоо менен өз алдынча иштөөлөрүн багыттап туруу.
7. Ата-энелер чогулуштарында жыйынтыктары чыгарылып, билдирет.
8. Резервде турган окуучулар менен дагы предметтик мугалимдер иш жүргүзүлөт.

Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты боюнча баалоо жол-жоболорун чейрек сайын окуучулардын билиминин натыйжасына моноторг жүргүзүлөт.

2021-2022 окуу жылында мектеп ичинде предметтер боюнча олимпиада өткөрүлдү. Олимпидага 5-9 класстардын окуучулары катышты. Олимпиада кыргыз тили, орус тили, биология , география,тарых сабактарында өттү. Жеңген окуучулар грамоталар менен сыйланды. Райондук олимпиадага 9-класстын окуучулары боюнча директордун алдындагы кенешме өттү.

Окуу жылдарында ошондой эле предметтик жумалыктар кыргыз тили, математика, география жана англис тили сабактарынан өтүлдү. Мугалимдер ачык сабактарын, класстык саатарын, тарбиялык иштерин өткөрүштү, докладдар окулду.

2021-2022окуу жылында Мак Гоеврн-Доулдун "Билим учун азык жана балдардын тамактануусу" эл аралык программасы менен иштеген иши декабрь айына чейин уланып келди ."Мерсико менен бирге окуйбуз" праграммасы боюнча башталгыч класстын мугалимдери төмөнкүдөй иштерди алып барышты:

- Ата-энелерге чогулуш өткөрүштү( китепке кызыктыруу максатында).
- Жат жазуу, көркөм окуу, чыгырмачылык жомок айтуучулар сынактары өттү
- Ачык сабактар өткөрүлдү. " Активдүү ата-энелер" конкурсу өтүлдү.

Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин жетекчиси Бекдулетова Р.К. "Окуудагы позитивдүү тарбиялоо" семинар-тренингине активдүү катышып, тажрыйба алмашып

…нын жоопкерчилигин өнүктүрүү – позитивдүү тарбия экенин,окуучуларды …ндыруу жөндөмдүүлүгүн жана өзүнө болгон ишенимин жогорулатуу экенин баса …гилеп – окуучу – ата-эне мектеп байланышын түзө алды.

2021-2022 окуу жылында " Окуу керемет" долбоору менен иштеп, башталгыч класстардын мугалимдери жана китепканчы тренингтерге катышышты. Ар бир класс ачык сабак өттү. Курбанова Б.К. Мекен таануу сабагынан 2 -класс Абдиламитова Г.К. математика сабагынан 4-класс Бектурсунова Ж.К. адабий окууда.

2021-2022 окуу жылында мектепти 10 окуучу бүттү. Мамлекеттик аттестациялоого 10 окуучу катышып, экзамендерди ийгиликтүү тапшырышты. Жалпы негизги билим жөнүндө күбөлүккө ээ болушту.

2022-жыл – Тоолорду коргоо жана климаттык туруктуулук жылына карата мектепте мерчеми түзүлүп, бкулеттер чыгарарылып, мектепте төмөнкүдөй иш чаралар өтүлдү. "Кыргызстан – менин мекеним", "Ааламга жол айылдан башталат" темасында Кара-Дебө айылынын башчысы Дадаков Р. жана ата-энелер менен семинар өтүлдү. Ошондой эле, маарекелерге катары тарбиялык саатар.тизимдер,сыныктар,доклaдтар.тегереке столдор өтүлдү. Ар бир класста "2022-жыл – Тоолоду коргоо жана климаттык туруктуулук жылы" буклеттер чыгарылды.

Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата иш чаралар өтүлдү. "Биринчи мугалим " чыгармасы боюнча 1-4 класс арасында ачык саат өтүлдү . "Ак кеме ", " Бетме бет", "Саманчынын жолу ", "Эрте келген турналар " чыгармаларынан 5-9 класстардын окуучулары үзүндү көргөзүштү. Кыргыз Туусунун 30 жылдык күнүнө карата башталгыч класстын мугалими Бектурсунова Ж.К тизим өтүп,окуучулар менен чакан программадагы концерт беришти.

*Окуу* жылында мектепте кружоктор иштеди . "Тай күлүк" спорт боюнча Кружок (жетекчиси Өмүржанов Т.К) , "Чебер " (жетекчиси Джумалиева Н А ) Окуучулар өзүнүн кызыкчылыгы менен кружокко катышат. Ошондой эле , окуучуларды сабактан тышкары кызыктыруу боюнча сүрөт сынагы өткөрүлөт.

*Ошондой эле мектепте даталуу күндөргө карата , традицияга айланган майрамдар өтүлөт .*

23- сентябрь Мамлекеттик тилдин 31 – жылдыгына карата 3 айлык иш мерчеми иштелип чыгып , кыргыз –тили жана адабияты декадасы өткөрүлөт.

Касыманкулова К.Д окуучуларга салтанатту таазим өтүп , кыргыз тилинин бүгүнкү күнүнө мааниси жана көйг[1]йлөрү жөнүндө айтып берди .

23- февраль Мекенди коргоо күнүнө карата , 8- март айымдардын күнүнө карата мектепте чоң концерттер жана чогулуштур уюштурулду.

Улуу жеңиштин 77 жылдыгына карата класс жетекчилер видео роликтерди чыгарып, тарбиялык саат өтүштү.

Мектепте "Жаш инспектор ", "Жаш өрт өчүргүч "командалары уюштурулган . Өз иштерин мерчемдеринин негизинде алып барышат .

Быйылкы окуу жылындагы окуучулар менен иштелген социалдык багыттагы иштер жөнүндө төмөнкүнү айтса болот . 143 окуучунун ичинде жетим балдар жок , социалдык жетимдер 5, аз

[1] ө

камсыз болгон үй бүлөдөн 9 окуучу , ата-энелери чет мамлекетте иштеген 5 окуучу , көп балалуу-26, коопсуз үй-бүлө -1 ИДН учетуна окуучулар катталган эмес.

Жыл башында окуучулардын жашоо- шарттары , психологиялык , медициналык өзгөчөлүктөрүн изилдөө максатында сурамжылоо жүргүзүлдү . Ар бир класс жетекчи менен тыгыз байланышта болуп , социалдык чөйрөдөгү окуучуларга көзөмөл жүргүзүлүп келди. Окуу жылдын биринчи жарым жылынан баштап келбей калган окуучулар менен ИДН инспектору менен сүйлөшүү жүргүздү. “Балдар үчүн”,”Мектепте кантип өзүн-өзү алып жүрүш керек” деген темаларда ангемелешүү өттү . Сабактарды көп калтырган окуучулардын үйүнө барып , ата-энелери менен сүйлөштү. Окуучуларга “кылмыштуулуктун алдын алуу ” боюнча лекция окуп берди . Рэкет , терроризм жөнүндө айтып , алдын алуу жолдорун айтып . кенештерди берди.

Мектепке СПИД жана жугуштуу тери оорулар боюнча тарбиялык сааттар жыл бою өтүлдү. 1- декабрь СПИД менен күрөшүү күнүнө карата 9- класстын окуучулары райондук денгээлинде болгон иш чарага катышып келишти .Окуучулардын санитардык гигиеналык эрежелердин сакталышы боюнча санитардык бюллетен уюштурулуп , окуучулар арасында “Гепатит А”, “Кургак учук”,”COVID- 19” темасында жат жазуу жана дил баяндар жазылып , сүрөт сынактар өтүлдү . 1- июнь балдарды коргоо күнүнө карата 1-4 класстын окуучулары бор,гуашь менен сүрөт конкурстарын өткөрүштү

Тамеки , насывай жана алкоголизмдин зыяндуулугу жөнүндө класстык сааттар , тегерек столдор жана кинотасма өтүлдү, дубал газета чыгарылды .

Диний экстремизм жана терроризм боюнча мектепке иш мерчеми түзүлүп, класстык сааттар ,айылдын молдосу менен жолугуулар өтүлдү. Мечитке барган балдардын саны 6. Жоолук салынган кыздардын саны 2 . Мектеп администрациясы , мугалимдер ата – энелер менен тыгыз байланышта иштейт . Чейрек сайын ата- энелер чогулушу өтүлөт. Чогулуштарда “Ата –эненин милдети жана укугу” , “Мектеп рэкети жана алдын алуу”, “Баланын ден соолугу”, “Суицид” деген темаларда лекция өтүлөт. Мугалимдер жана окуучулар тарабынан майыптарга жардам берүү боюнча “ Мен да сен да тен укуктуубуз” темасында акция өтүлдү , окуучулар колунун келишинче акча , оюнчук чогултуп , айылдагы майып балдарга тапшырып беришти.

Кыргызстандагы тоолор жылына карата туризмди өнүктүрүү боюнча иш чаралар өтүлдү. География мугалими Кенжебаева Б.Т. окуучуларга Кыргызстандагы кооз жерлерин таныштыруу максатында ачык сабак өттү. 4- класстын мугалими Бектурсунова Ж.К. “Жаратылыш -жан досум ” темада ачык сабак өттү.

Өзүнө- өзү кол салуунун алдын алуу боюнча мектеп ичинде иш чаралар өтүлдү. Айыл имамы Алимов Махмадали окуучуларга түшүндүрүү ишин жүргүздү. 6-9- класстардын окуучулардын арасында өзү- өзүнө кол салуунун алдын алуу боюнча тегерек стол өтүлдү.

Кара-Дөбө мектебинде 14 мугалим эмгектенет . Аялдар-9 , Эркек 2 . Жогорку билимдүү 8, орто билимдүү 2 , атайын орто билимдүү 4 , улуттук курамы боюнча 10 кыргыз, пенсия жашындагы мугалим 3.

Мектепке химия. биология сабактарынан мугалим жетишпейт. Ушул сабактарды специалист эмес мугалимдер беришет. Ошондуктан билим сапаты төмөн деп эсептейбиз .

2021-2022 окуу жылында мектеп китепканасына 5- класс үчүн 14 даана орус тили ,каргызстан тарыхы -10 даана,кыргыз адабияты 10 даана жаны китеп берилди 6- класстар үчүн биология-10

даана ,кыргыз адабияты 14 –даана,орус тилинен 15 даана китеп берилди . Мектеп боюнча ар бир класс китеп менен камсыз болгону төмөндөгүдөй:

1 класс- 64,29%

2- класс- 100%

3- класс- 86,81%

4 класс- 86,88%

1-4 класс 83,10%

5 класс- 65,38%

6 класс – 100%

7 класс- 97,22%

8 класс – 96,70%

9 класс -96,88%

5-9 класс -91,24%

Мектеп боюнча 87,17%

Китепканачы Джумалиева Н.А китепканада денсоолук , маарекелер , улуттук кийимдер, "Манас" эпосу "бирге окуйбуз" бурчтар уюштурулду. "2022-жылы Тоолорду коргоо жана климаттык туруктуулук жылына " , "Кыргыз Туусуна 30 жыл " буклеттер орнотулган . Ар бир даталуу күнгө окуучуларга билдирүү берилет жана сынактар уюштурулат . Мерсико менен тыгыз байланышта иштеп , "Китептин баалуулугу " деген темада башталгыч класстардын ата –энелери арасында башталгыч мугалимдери менен бирге бир нече тренингдерди ,жолугушууларды өткөрүштү. Жүгүртмөнүн негизинде башталгыч класстын окуучулары учун китепканага саякат уюштурулду .

Материалдык техникалык базаны чыңдоо боюнча мектеп Мерсикого проект жазып , мектепке сырткы дааратканa салынды. Мерсико тарабынан 1185631,5сом, Красный Восток айыл өкмөтү 105000 сом бөлүндү. 1-4 класстын окуучулары ысык тамак менен камсыздап келишкен .2021 –жылдын декабрь айына чейин.Мерсико тарабынан төрт азык берилди.(күрүч, Буурчак , Чечевица,)

4- класстын ата-энелери бир даана түстүү принтер алып беришти.Ата-энелер тарабынан мугалимдер үчүн кабинетти толук ремонтоп беришти. Мектеп үчүн ачылган күндөлүк менен сайтка да ата-энелер тарабынан төлөнүп берилди. Англис тили кабинетин жасалгалоо үчүн да ата-энелер көмөктөштү. Быйылкы бүтүрүүчү класстар мугалимдер кабинетине 1 палас берди .Ал эми айыл өкмөтү тарабынан эки класска линолеум (59000 сомго) төшөлүп жана краска(10мин сомго) берди .

2022-2023окуу жылына мектептин педогогикалык жамаатын алдына койгон милдеттер:

1. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу , жана ыкмаларды колдонуу. Жаңы окуу стандарттардын негизинде иштөө.
2. Окуучуларды окуу китеп менен камсыз кылуу.

3. Зээндүү жана начар окуган окуучулар менен бирдей иш алып баруу.
4. Мугалимдерди толук кандуу билим берүүсүнө шарт түзүү. УБ нын жетекчилеринин ишин жандандыруу.
5. Мектептин материалдык – техникалык базасын чыңдоо.
6. 1-4 класстын окуучуларын ысык тамак менен камсыздоо ата-энелер менен сүйлөшүү.

| Мектеп | 2017 (130) | | 2018(150) | | 2019(155) | | 2020(152) | | 2021(150) | | 2022(143) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кыздар | Балдар | Кыздар | Балдар | Кыздар | Балдар | Кыздар | Балдар | Кыздар | Балдар | Кыздар | Балдар |
| Кара - Дөбө | 63 | 67 | 67 | 83 | 70 | 85 | 67 | 85 | 67 | 83 | 60 | 83 |